## Ж. Баласагын атындагы  Кыргыз улуттук университети
## Кыргыз филологиясы факультети

# КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИ КАФЕДРАСЫ

**Кафедраны негиздөөчүлөр**

Кафедранын алгач түзүлүшүнө кыргыздын биринчи профессору К.Тыныстанов, академик К.Карасаев, профессор Е.Д.Поливанов, академик И.А.Батманов, Т.Жолдошев, К.Рахматуллин, Т.Саманчин, З.Бектенов сыяктуу ж.б. залкар окумуштуулар чоң салымын кошушкан.

1951-жылы Кыргыз тил илими кафедрасы өз алдынча кафедра катары түзүлгөн. Кафедранын ар тараптан өнүгүүсүнө академик Б.М.Юнусалиев, профессорлор: К.К.Сартбаев, Т.К.Ахматов, Ж.Мукамбаев, С.Ж.Мусаев сыяктуу окумуштуулар көп эмгек сиңиришкен.









# Кафедрада иштеген адистер

**Кыргыз тил илими кафедрасында алгач эмгектенген академиктер, профессорлор: К.К.Юдахин, К.Карасаев, И.А.Батманов, Б.М.Юнусалиев, Б.Ө.Орузбаева, КР УИАнын корр.-мүчөлөрү, филология илимдеринин докторлору, профессорлор: К.К.Сартбаев, Т.К.Ахматов, С.Ж.Мусаев, А.Жапаров, А.Иманов, Ү.Асаналиев, Ш.Жапаров, С.Өмүралиева, А.Биялиев, Ж.Дуйшеев  ж.б. лар эмгектенишкен.**







## Кыргыз тил илими кафедрасынын башчылары:

* Педтехникум 1927-жылы түзүлгөндөн 1951-жылга чейин кыргыз тили жана адабияты кафедрасын профессор К.Тыныстанов К.Рахматуллин, Т.Саманчин, С.Мусаевдер жетектеп келишкен.






**Кыргыз тил илими кафедрасын 1951-жылдан бүгүнкү күнгө чейин 1951-1960-ж.ж. академик, ф.и.д, профессор Б.М.Юнусалиев жетектеген.**



**1960-1973-ж.ж. КР УИАнын корр.-мүчөсү, ф.и.д., профессор К.К.Сартбаев, 1973-1986-ж.ж. КР УИАнын корр.-мүчөсү, ф.и.д., профессор Т.К.Ахматов, 1986-1990-ж.ж. ф.и.к., профессор К.Дыйканов, 1990-1993-ж.ж. ф.и.д, профессор Ү.Асаналиев, 1993-1997-ж.ж. КР УИАнын корр.-мүчөсү, ф.и.д., профессор С.Ж.Мусаев, 1997-2006-жж. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер, п.и.к., профессор С.Шатманов, 2006-2014-ж.ж., Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын мүчөсү, ф.и.д., профессор Т.С.Маразыков, 2014-2016-ж.ж. ф.и.к., доцент Б.А.Жайлообаев кафедра башчысы болуп эмгектенген. 2017-жылдан тартып азыркы учурда кафедраны ф.и.к., доцент Г.Ш.Абдразакова жетектейт.**










# Кафедранын азыркы абалы:

Бүгүнкү күндө бул кафедрада илимдин 3 доктору, 1 КР УИАнын корр.-мүчөсү, 6 профессор, илимдин 6 кандидаты, 2 доцент,  1 улук окутуучу, 3 окутуучу эмгектенет. Алар - кафедра башчысы, ф.и.к., доцент Г.Ш.Абдразакова, КР УИАнын корр.-мүчөсү, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, ф.и.д., профессор С.Ж.Мусаев, Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын мүчөсү, ф.и.д., профессор Т.С.Маразыков, ф.и.д, профессор Г.Т.Жаманкулова, ф.и.к., профессор А.Биялиев, ф.и.к., профессор Ж.Дуйшеев, ф.и.к., профессор Б.А.Жайлообаев, ф.и.к., профессор И.Ш.Султаналиев, улук окутуучу А.Б.Табалдиева, окутуучу Б.Т.Бекназарова, окутуучу Балбак кызы Лариса, окутуучу А.М.Солтоноев  эмгектенишет. Аталган окумуштуулар тарабынан кыргыз тили боюнча орто жана жогорку окуу жайлары үчүн көптөгөн окуу китептери, илимий-методикалык эмгектер, илимий монографиялар, ар түрдүү багыттагы сөздүктөр жарык көргөн.






**Кафедранын негизги дисциплиналары:**


«Тил илимине киришүү»,

«Жалпы тил илими»,

«Азыркы кыргыз тили»,

«Кыргыз тилинин тарыхы»,

- «Сүйлөө маданияты»,
- «Азыркы кыргыз тилинин стилистикасы»,
- «Кыргыз тилинин диалектологиясы»,
- «Социопсихолингвистика»,
- «Когнитивдик лингвистика»,
- «Кыргыз орфографиясы»,
- «Кыргыз адабий тили жана норма»,
- «Түрк филологиясына киришүү»,
- «Байыркы кыргыз жазуусу»,
- «Коммуникативдик лингвистика жана анын теориясы»,
- «Кыргыз тилинин пунктуациясы».
























* **ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК ИШТЕР боюнча.**
* Мамлекеттик стандарттын негизинде иштелип чыккан кафедрага тиешелүү окуу жүктөрү университет тарабынан иштелген жобонун негизинде окутуучу-профессорлордун адистик кызыкчылыктарына жана милдеттерине жараша ачык-айкын, так, ошондой эле жеткиликтүү бөлүштүрүлөт;
* Кафедра башчысы тарабынан окутуучу-профессорлорунун ынтымагын, биримдигин чыңдоо менен, иштегенге жагымдуу шарттарды түзүүгө басым жасалат.
* Окуу пландары, расписание, факультеттин окумуштуулар кеңешинин, окуу-методикалык кеңешинин чечимдери боюнча кафедрага жеткиликтүү маалыматтарды берип туруу максатында жазуу жүзүндө жана электрондук кафедра системасы менен иш жүргүзүлөт.
* Окуу иштерин уюштурууда факультеттин жана университеттин окуу иштери багытындагы структуралары менен тыгыз байланышта иш жүргүзүлөт.
* Белгилүү тилчи-окумуштуулардын илимий эмгектерине, юбилейлик жылдарына байланыштуу жана маарекелүү даталарга, студенттик илимий иштерге карата илимий жана практикалык конференциялар, ар кандай иш-чаралар уюштурулуп турат.
* Кафедранын алдындагы Б.М.Юнусалиев атындагы илимий-методикалык кабинет ачууга жетишүү менен кабинетти талапка ылайык иштетүүгө басым жасалууда.
* Жаш, компетенттүү адистердин кафедрада иштеп калуусуна шарттарды түзүү, муун аралык байланышты уюштуруу иштери аткарылат.

* **Кафедранын алдындагы Б.М.Юнусалиев атындагы илимий-методикалык кабинет ачууга жетишүү менен кабинетти талапка ылайык иштетүүгө басым жасалууда.**








* Белгилүү тилчи-окумуштуулардын илимий эмгектерине, юбилейлик жылдарына байланыштуу жана маарекелүү даталарга, студенттик илимий иштерге карата илимий жана практикалык конференциялар, ар кандай иш-чаралар уюштурулуп турат.






































**ИЛИМИЙ ИШТЕР боюнча**

1. Кыргыз тил илими кафедрасынын профессор-окутуучулары кафедрага келип түшкөн кандидаттык жана докторлук диссертациялык иштерди талкуулап, кафедранын илимий потенциалын жогорулатуу, аброюн көтөрүүнүн үстүндө иш алып барышат.

2. Кафедра мүчөлөрүнүн чет өлкөлүк жана өлкөбүздөгү ЖОЖдор, илимий борборлор, КРнын Президенттигине караштуу Мамлекеттик тил комиссиясы, КР УИАнын Тил илими институту, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Илим департаменти менен илимий-чыгармачылык байланыш түзүшөт. Өзгөчө чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен байланышып, ал университеттерде лекцияларды өтүп келишет.

3. Кафедранын жаш окутуучулары эл аралык (регионалдык), республикалык, жогорку окуу жайлар аралык жана университетте өтө турган конференцияларга, семинарларга докладдар менен катышып турушат.

4. Кыргыз тил илими кафедрасында адистер илимий деңгээлин, илимий-педагогикалык квалификациясын ар жыл сайын жогорулатуунун үстүндө

*

*Кафедра мүчөлөрүнүн чет өлкөлүк жана өлкөбүздөгү ЖОЖдор, илимий борборлор, КРнын Президенттигине караштуу Мамлекеттик тил комиссиясы, КР УИАнын Тил илими институту, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Илим департаменти менен илимий-чыгармачылык байланыш түзүшөт. Өзгөчө чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен байланышып, ал университеттерде лекцияларды өтүп келишет.


GOT
LANGUAGES?
你好
OLÁ
HALLO
BONJOU
NA NGA DEF
HELLO
JAMBO
こんにちは
नमस्ते
안녕
HOLA
Привет
BONJOUR
CIAO
MERHABA
FIU
Steven J. Green
School of International
& Public Affairs




THE LIBRARY OF COLUMBIA UNIVERSITY


DEPARTMENT
OF
MODERN LANGUAGES




2018-12-5 18:25






2018-11-30 18:44










Кыргыз

**ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР боюнча**

Кафедранын профессор-окутуучулары ар бир өтүлгөн сабакта элибиздин нарк-насили, адеп-ахлагы, нравалык баалуулуктары боюнча тарбиялык маалыматтарды берип турушат.

Кафедрада куратор болгон окутуучулардын группа менен тыгыз иш алып барып турушат.

Кафедра мүчөлөрү тарабынан жатаканада жашаган студенттердин ал-абалы менен жакындан таанышып, ар түрдүү кеңештерди берип турушат.

* Кафедра мүчөлөрү тарабынан жатаканада жашаган студенттердин ал-абалы менен жакындан таанышып, ар түрдүү кеңештерди берип турушат.









